КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН
БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
БОО-ТЕРЕКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ БОО-ТЕРЕКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2023-жыл, 2-июнь, №10** **Боо-Терек айылы.**

**Боо-Терек айылынын жашоочуларынын үйүнөн чыккан катуу түрдөгү курулуш материал таштандыларды белгиленген жерге төктүрүү жөнүндө.**

Боо-Терек айылынын жашоочуларынын үйүнөн чыккан катуу түрдөгү курулуш материал таштандыларды белгиленген жерге төктүрүү жөнүндөгү маселени угуп, карап чыгып жана талкуулап, Боо-Терек айылдык Кеңешинин XXXII чакырылышындагы депутаттардын XXV сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Боо-Терек айылынын оор жүк ташуучу автоунааларынын айдоочулары, жеңил автоунааларынын айдоочулары жана жарандары, Боо-Терек айылынын жашоочуларынын үйүнөн чыккан катуу түрдөгү курулуш материал таштандыларды айыл өкмөтүнүн тазалык боюнча кызматкери Сманалиев Эмил Сейтбековичтин уруксаты менен белгилеп көрсөткөн жерге төгүшсүн.

2. Бул токтомдун биринчи пунктун аткарбаган Боо-Терек айылынын оор жүк ташуучу автоунааларынын айдоочуларына, жеңил автоунааларынын айдоочуларына жана жарандарына ошондой эле коңшу айылдардын жарандарына, Боо-Терек айыл өкмөтүнүн администрациясы тарабынан комиссия түзүлүп, **Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө Кодексинин "Белгиленбеген жерлерге таштандыларды таштоо, өрттөө жөнүндөгү" 115-беренесинин 1,2,3-пункттарынын** негизинде, айып пулдарды салышсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысына жана Боо-Терек айыл өкмөтүнүн жерге жайгаштыруу жана айыл чарба боюнча башкы адисине, ошондой эле айыл өкмөтүнүн жер, турак-жай, коммуналдык маселелер жана өзгөчө кырдаалдар боюнча жетектоочү адисине милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык Кеңештин депутаттарынын "Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамыралиев А.**